13. "Таза Суунун" башкы топтогучтарын кайтарууга 2000 сом өлчөмүндө 4 штаттык бирдик 2500 сом өлчөмүндө 2 штаттык бирдик кармалсын.
14."Орто Баз" муниципалдык ишканасына лизингге алынган техниканын процентин төлөөгө1000000 сом жергиликтүү бюджеттен бөлүнсүн.
15. Жергиликтүү бюджетке жайыт акысынан келип түшүүчү каражат кирешелер жана чыгашалар боюнча №-5-тиркемеге ылайык 315000 сом менен бекитилсин.
16. 2023-жылдын ичинде түзүлгөн кырдаалга жараша акча каражатын беренеден беренеге ,бөлүмдөн бөлүмгө айыл кенештин токтомунун бюджет –финансы боюнча туруктуу комиссиясынын макулдугу менен уруксаат берилсин.
17.Жергиликтүү бюджеттен каржыланган мекемелердин каражаттарын казыналыктан тышкары пайдаланууга тыюу салынсын.
18. Айыл өкмөттүн карамагындагы участкалык милиция кызматкерлеринин, кызматтык авто-унааларына күйүүчү май,өзүнүн жеке автоунааларын кызмат учурунда пайдаланган айыл өкмөтүнүн жер адисине, салык инспекторлоруна кызматтык функционалдык милдеттерин өз денгээлинде аткарууга көмөк көрсөтүү максатында мезгил-мезгили менен күйүүчү май бөлүнүп берилсин жана 70629 –бөлүмдүн 22141100 беренеси аркылуу айыл өкмөтүнүн финансы-экономика бөлүмүнө милдеттендирилсин .
19. Бул токтомду массалык- маалымат каражаттарына жарыялоо жагы жана юстиция министрлиги тарабынан ченемдик-укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү боюнча иш жүргүзүү айылдык кеңештин жооптуу катчысы Р.К. Кудайбергеновага тапшырылсын.
20. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу Ырдык айыл аймагынын айыл өкмөт башчысына жана бюджет –финансы боюнча туруктуу комитетке жүктөлсүн.

21. Токтом 2023- жылдын 1- январынан баштап күчүнө кирсин.

Төрага: А.К. Арыков